
# Жайлоодо



Автор: Ысмайыл Кадыров

Сүрөтчү: Сезим Жаныбекова

# Жайлоодо

Автор: Ысмайыл Кадыров
Сүрөтчү: Сезим Жаныбекова

Кыргыз тилинде
Бишкек-2021

Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses /by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Жайлоодо" (кыргыз тилинде), автор Ысмайыл Кадыров, сүрөтчү Сезим Жаныбекова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Эрлан менен Элдияр жайкы каникулда жайлоодогу чоң атасыныкына келишти.

Өсүп турган арча, карагай, бадал, ар түркүн гүлдөр абдан кооз. Гүлдүн түрүнө сан жетпейт. Жайлоонун жыты да бир укмуш.

Тоо бетинде жайылып жүргөн ботолуу инген, кулундуу бээ, музоолуу уй, козулуу кой, улактуу эчки көзгө эң сонун көрүнөт.

Чоң энеси күндө эртең менен самоор коёт. Көмөч нан, каймак менен сүттөгөн чай ичишет. Анан чоң энеси балдарды отун терип келүүгө жумшайт.

«Бирок өсүп турган арчанын, бадалдын бутактарын сындырбагыла. Куурап калган чырпыктарды гана тергиле», – деп дайыма эскертет.

– Өсүп тургандарды эмнеге сындырууга болбойт, алар өтө эле көп турбайбы? – деп таң калышты балдар.

– Алар жаратылышка көрк берип турат. Анан адамдарга жан-жаныбарга да керектүү кычкылтек бөлүп чыгарат.

Азыр жайлоодо арча азайып баратат. Ошондуктан өсүп турган бак-даракты сындырууга болбойт. Ал эми куураган чырпыктарды алсаңар жер тазаланат.

Козулар оттогонго жаңы чөп өсүп чыгат. Анын үстүнө куураган чырпык түтөбөй күйүп, бизге жакшы отун болот, – деп түшүндүрдү чоң энеси.

– Макул, чоң эне, эми түшүндүк. Өсүп турган бак-даракты, арчаны сындырбайбыз, – дешти балдар.





Алар чоң атасына жардамдашып кээде козу кайтарышчу. Бир күнү алар козу-улактарын айдап чыгышты. Козуларын шыбактуу бетке жайып, өздөрү мал четинде ойноп отурушту.

Тоонун этегинде жар бар эле. Козулар, улактар жардын кырында секирип ойногонду жакшы көрүшөт. Бир кезде жар башында так-так секирип ойноп жаткан улактардын бири жок болуп калганын байкашты.



Чуркап барышса, бир улак жардан кулап, жар боорундагы секичеге туруп калыптыр. Ылдый жагы да, өйдө жагы да тик жар. Улак туруп калган жер кол менен жасап койгондой секиче экен. Балдар коркуп кетишти. Эмне кыларын билбей туруп калышты.

Улак аларды карады. «Ме-е!» – деп маарап койду. Буттары титиреп турат. Улак балдарга абдан аянычтуу көрүндү.

– Эми кантип чыгарабыз? – деди Эрлан көзүн алайтып.

– Сунсак колубуз жетпейт, чыгара албайбыз. Андан көрө тезирээк чоң атама баралы! – деди Элдияр.



– Туура айтасың. Сен козуларды кайтарып тур, мен чоң атама тез барайын, – деп Эрлан чоң атасына жөнөдү.



Эрлан чоң атасы экөө бат эле келишти. Чоң атасы аркан ала келиптир. Анын бир учун Эрландын белине байлады да, улак турган жерге түшүрдү.

Эрлан улактын жанына келип, белиндеги арканды чечти. Ага улакты байлады. Аны чоң атасы тартып алды.

Анан арканды кайра түшүрдү. Эрлан аны белине бекем байлап, арканды кармады. Чоң атасы аны да тартып алды. Алар улакты куткарып алышканына абдан сүйүнүштү.

– Силер абдан туура кылдыңар. Эгер оюнга алаксып, улакты такыр байкабай калсаңар, ал жардын боорунда калып, ачкадан өлмөк. Аны мага кабарлаганыңар туура болду. Улакты баарыбыз чогуу чыгарып алдык. Силер да жардын кырына ойнобогула. Абайлагыла, – деди чоң атасы.



– Макул, чоӊ ата! – дешти балдар.

Алар улактын аман калганына, чоӊ атасы менен чоӊ энесинен көптү билип алгандарына абдан кубанышты.

Балдар козу-улактарын жардан алысыраак жайып айдап кетишти.



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

USAID АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН


Автор: Ысмайыл Кадыров

Сүрөтчү: Сезим Жаныбекова



USAID "Окуу керемет!" долбоору

Кыргыз Республикасы


- 1-класс
  - 1.1 деңгээли
  - 1.2 деңгээли
  - 1.3 деңгээли
- 2-класс
  - 2.1 деңгээли
  - 2.2 деңгээли
- 3-класс
  - 3.1 деңгээли
  - 3.2 деңгээли
- 4-класс
  - 4.1 деңгээли
  - 4.2 деңгээли